Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
1426
Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 257
212 стр. 1979
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

ИСКЕНДЕРОВ, Н.

# МАНАС

АЛООКЕ КАН

Т. П

Рукопись

Жаш манасчы Насыр Искендеровдун жазган „Манас" эпосунун мазмунуна

Рецензия.

рецензент Б. Мамаев.

Насыр Искендеров „Манас" эпосунан Манастын туулушу, балалык чагынан баштан, „Алмамбеттин Таласка келишине" чейинки эпизоддорду жазды.

„Манас" эпосунун Каралаев жаздырган версиядан сюжеттик жагынан анчалык айырмачылыгы жок. Катышкан персонаждары да өзгөчөлүксүз. Бирок идеялык жанукчулугу менен алдыда турат. Жаш манасчы эмнени билбейт, ошондуктан билдим-жыгы жок. Манас баатыр, анын чоролору, аксакалдары, эл үчүн кызмат кылышат. Элдин балдары үчүн туулгандар катарында сүрөттөлөт. Манас баатыр элди баш коштурууга, элди ар кандай чабуу, зордуктардан сактаган адам. Эл бирлиги да ошондой адамды күтөт.

Кыргыз эли чогулуп,
Айылдаш болуп кала экен.
Калмак кара Эсенкандан,
Өткөндөгү өчтөрдү,
Кайтарбай бүгүн ала экен.
Азаттык алган кыргыз эл,
Түбөлүк жыргап кала экен! (30-бет)

Манас баатырдын пайда болушу, анын келечеки курушу үчүн идеяга терең байланышкан.

Манас чочуйт. Калмактардын башчыла-
лыгы чеңген ашын, малы кобойуп,
эл тоного баштайт. Жолобул деген кал-
мак бир нече өнөгөттөрү менен кыргыз-
дарды, койчу, жылкычыларды малы
тоногону үчүн сабайт, жыйылган кыргыз
элин кысмакка алат.

Жаш Манас биринчи жолу мына
ушул Жолобелдин үстөмдүгүнө, зордугуна
каршы курашат, анын дөөсүн сулатат, экинчи
келбес кылып катуусун берет.

Муну уккан Эсенкан Манасты жок
кылып, жаңыдан эле жайкан кыргыз-
дарды бортыдой очуруп келүү үчүн Жолой
балбанды миң черүү менен жиберет.
Алар амал-айла менен соодагер өңүндө
келишип, ордо атышын ойноп жаткан
жаш балдардын жамаатын алышат. Манас
аткан чука Жолой балбандын желкесине
тоосуна тийип, бутун сындырат. Жолой
чырды, себепти табат.

Жолой үстөмдүк кылып буту кыргыздарды
жок кылууга аракеттенет. Анын бул ойлогону
тык билеги да ордунан чыкпайт. Манастар
аларга сокку урушат. Бул жүрүш ушуну
менен бүтпөйт. Айласы кеткен Жолой
анын эрдемсингенин колдору алсырап,
аман калгандары Эсенканга болгон
кабарды билдиришет.

Ку. О. 3

Калмак баатыры Несқара эрке аялынын тили, душмандары менен Манас баатырды өлтүрүп же тирүүлөй кармап келүүгө аттанат.

Ал четтен эле элди чаап, мал-мүлкүн талап, жол ичинде кыргыздар экен деп, калмак элин да талап алат.

Манастын айлынан кийин калмак айлынын талангасын угуп кийин издеп, чабуулун улантат. Несқара элине кылар айласын таппай качат да кетет. Колдорунун көпчүлүгү коромжуланат.

Жакыптын кийинки, армандары боюнча Манастын жери Анжиян, Алай элинин угат да көчүп келишет. Бирок, Алооке хан „кетсин, кетпесе коргулугун көрөт" деп Манаска келет. Манас уулу болуп үч-төрт күн кечигет, Алоокенин колу көчтөргө коркунуч туудурат. Бирок, Манас бул жөнүндө угуп, алардын коркунучтарына каршы аттанат, Алооке Анжиянды таштай качат.

Жазылган окуя боюнча Оган каны Акунхан жогорудай эле билек менен (Манасты жоготуу, кыргыздарды кул кылуу үчүн) дагы келет. Акунхандын чабуулуна чейин кууп, ага коркунуч туудурат. Акыры эле куба болуп келет. Андан кийин Алмамбеттин окуясы, коңурбай менен болгон чабышы суроолору, айагы.

127 4.

(ошондуктан,                                   (негизинен

Манас баштаган курулуштар калмак баскынчыларына карата жүргүзүлөт.

Н. Искендеров жазган эпизоддордогу негизги кемчиликтин өрчүндүүсү көркөм сүрөттөөдө. Ал баатырларды, жаратылышты, урп-адатты, турмушту, элестүү, көркөм сөздөр менен көрсөтө албайт, ага байланыштуу окуялар да тайкы сүрөттөлөт.

Экинчи орчундуу кемчилик маанисиз строфалар, тайкы маанисиз сөздөр арбын учурайт. Ал жамандыгы ааламдар сыпатты жамандата, уйкашта сүрөттөйт да, маанисине, сөздөрдүн күчтүү салабатына көңүл бурбайт. Ошондуктан көп строфалары сөздөрдүн топтолгон гана чогундусу болуп калгансы.

Манастын алган багыты, курдашы ал кызыкчылыгына байланышкан. Эпостун жазылып бүткөн эпизоддорундагы маанилүү корутунду ушунда. Жазылган эпизоддор окуяларын "Манас" эпосунун сводной түзүүдө сюжеттардын өзгөчөлүктөрүнө, айрым бөлүмдөрдү болууда пайдалуу болот деп эсептеймин.

Кенже илимий кызматчы

/Б. Маменов/